# И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ

# ВЕСТНИК КЫРГЫЗСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА ИМЕНИ И. АРАБАЕВА

Подпись
Ученый секретарь
КГУ им. И. АРАБАЕВА

ISBN 1654-5611

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРИЛИГИ

# И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН

# ЖАРЧЫСЫ

№ 1 (3)

2009

Бишкек

Подпись заверяю
Ученый секретарь
КГУ им. И. АРАБАЕВА

# МАЗМУНУ
# СОДЕРЖАНИЕ

**Акмолдоева Ш.Б.** «Манас» феномени………… 7
**Плоских В.М.** Национальное культурное наследие: проблемы сохранения и использования........ 9
**Кыдырбаева Р. З.** Единение - основополагающая ценность эпоса «Манас»………… 15
**Салымбеков А. М**. Айкөл Манас менен хан Кошойдун мамилеси жөнүндө........ 20
**Никфар Хосейн Али, А. Мохсен заде.** Феномен «Манаса» как важнейший фактор диалога культур и науки........ 24
**Хевитт Ричард**. Бөлүнгөн диндерди бириктирүү: кыргыз Жакыбы менен библиядагы Жакыбды салыштырып -талдоо........ 25
**Затов К.А.** Категория цивилизации применительно к кочевому обществу………….. 36
**Аскаров Т.А.** Кыргыз элинин эпостук жаратмалары менен дүйнөлүк эпикалык чыгармалардын ортосундагы айрым параллелдик көрүнүштөр жөнүндө........ 41
**Бөкөшов Ж.Б.** «Манастын» космологиясы жөнүндө кеп........ 48
**Какеев А.Ч.** «Манас» и Ч. Айтматов - «Сияющие вершины» народного духа………… 50
**Ишекеев. Н., Сманов. Б.** Некоторые вопросы анализа художественного произведения в казахской школе………….. 54
**Байсалов Ж.У**.«Манас» эпосунун педагогикалык идеялары………… 61
**Karayeva Z.** Gender and equality and its translation accuracy into English in the epic “Manas”………….. 63
**Лузанова Е.С.**Национальный эпический проект как синтез философии, истории и культуры........ 67
**Шыгаев. Ю.** Весть свитка........ 72
**Амердинова М.М.** Эпос «Манас» и становление национального самосознания кыргызского народа………… 74
**Каниметов Э.Ж.** Проект «культурное наследие» и проблемы исследования национальной культуры........ 79
**Панкова Т.В.** Устное народное творчество в системе компаративных исследований………........ 83
**Аширалиев Д.А.** Эпос «Манас» как проявление «эстежана» номадической культуры…........ 92
**Жумагулов М.Ж.** «Манастагы» этностук дүйнө кабылдоонун өзгөчөлүктөрү........ 95
**Ботоканова Г.Т.** К методологии изучения эпоса………… 97
**Алимбеков М.Ш.** Тюркское обычное право........ 100
**Мукасов Ы. М.** “Манас” эпосундагы этнософиялык ойлор........ 107
**Кумскова Н.В.**Эпическая традиция в историческом процессе………… 110
**Курбанова Н.У.** Специфика проявления народного ислама в Кыргызстане………… 118
**Бакиров А.** Ч. Айтматов и эпос «Манас»………… 122
**Акмолдоева Ш.Б., Ниязова Ж.К.** Эпос «Манас» - источник изучения этикета кыргызов………........ 126
**Иптаров С.** “Манас” –аяндуу кыргыз жомогу........ 132
**Ботоканова С.Т.** «Манас» эпосун изилдөө тарыхынан........ 140
**Садыкова Н.Ж.** «Манас» эпосунун рухий сабактары........ 143
**Наралиева Б. К.** “Манас” эпосундагы психологиялык ойлор........ 146
**Токпаева З.Т.** Кыргыз элинин ислам динине чейинки дуйнө таанымы........ 148
**Шералиева А.Ж.** „Манас“ эпосу кыргыз элинин улуу мурасы........ 152

Подпись ________ заверяю
Ученый секретарь ________
КГУ им. И. Арабаева

**Мусабаева К.А.** Родовая община как ячейка общественного самоуправления кыргызов (по эпосу «Манас»)…… 154
**Аблазов К. Э.**“Манас” эпосунун философиялык проблемаларынын изилдениши ........ 158
**Толобаев М.Ш.** Отражение экологической ценности в эпосе «Манас»……… 161
**Абдуллаев М.** Ордо Манас атадан калган улуттук оюн……… 163
**Кадырбаева Ж.К.** “Манас” эпосундагы мифологиялык көз караштар........ 168
**Саалиева Д.Т**. Элдик түшүнүктөр «Манас» эпосунда........ 172
**Турпанова Ж. А.** “Манас” эпосу академик В.М. Жирмунскийдин изилдөөсүндө........ 176
**Чомокеева Г.У.,Абдылдаева А.Т.** Манас – эл кенчи........ 178
**Шейшенбаева А.М.** “Манас” эпосунун идеялык- көркөм мазмуну........ 181
**Эсенгулова М.М.** Роль Э.Арабаева в собирании и изучении устного народного творчества кыргызов........ 184
**Койлубаева А**. «Манас» эпосундагы чакчылдардын синтаксистик милдеттери…… 188
**Конокбаева Г.Э.**«Манас» - жемчужина мировой культуры……… 190
**Рысова Г.Т.**Проблемы исследования эпоса «Манас»……… 193
**Садыкова Г.Э**. Семиотика эпоса «Манас»……… 196
**Шевченко Н.М.**Словарь имен собственных эпоса «Манас»……… 198
**Байматова Н.**«Манас» эпосундагы баяндоочтун милдетин аткарган этиштин мамилелерин окутуу……… 201
**Кадырова А.** «Манас» эпосундагы үй бүлө куруу идеяларынын тарбиялык мааниси........ 205
**Койлубаева Н.К.** Кыз Сайкал дастанынын негизинде балдарды тарбиялоо……… 208
**Мусаева В.** «Манас» эпосун элге жеткирүүдөгү манасчылардын чечендик кебинин педагогикалык ролу........ 213
**Акмолдоева Ш.Б., Токпаева З.Т.** “Манас” – философиялык ойлордун негизи........ 219
**Абдырахманов Т.А.** Об отдельных искажениях социоэкономической реальности Кыргызстана……… 223
**Абдуллаев С.Н., Абдуманапова З., Иманкулова И**. Формулы красоты в сказках тюркских народов……… 231
**Айталиева Т.К.** Таластык манасчылар……… 233
**Бектурова К.А.** Монологи в архаическом эпосе кыргызов «Кожожаш»........ 236
**Муратова А. М.** “Манас” эпосу музыкада........ 241
**Өзүбекова Г. Т**. «Теңири Манас» Жакыпбековдук жазма вариант........ 246
**Сатыбалдиева Г. А.** Гиперболические изображения мотива любви в поэтических произведениях А. Осмонова........ 249
**Лапшина Т. И.** Школьные театрализованные постановки эпоса «Манас»........ 252
**Кенешова А. К.** Образ исламской культуры……… 259
**Кудакеева А.Р.** Манас эпосундагы патриотизм кыргыз атуулдарына парадигма катарында……… 263
**Молдалиев Э.К**. Конные состязания кыргызов в эпосе «Манас»……… 266
**Масалиева Н. У**. Кыргыз топонимдеринин тарыхый мааниси........ 267
**Алтымышбаева Л.К., Балпыкбаева Б.А.** Эпос «Манас» - источник изучения международных отношений и дипломатии кыргызов……… 271
**Абдраева А.Т., Ниязалиева М.** Саякбай Каралаев Улуу манасчы……… 276

Подпись ______ заверяю
Ученый секретарь ______
КГУ им. И. Арабаева

В кыргызском эпосе «Манас», в каждом монологе главных героев можно встретить раскрытие мотива славы. То есть речи героев наполнены воспеванием высокого предназначения богатырей. Значит, монологи играют далеко не последнюю роль, в сюжетестроении эпоса.

Говоря о своем высоком назначении, Кожожаш в своем монологе указывает, что кормильцем племени он назначен самим всевышним, и, что он изначально рожден быть врагом для кайберенов. Об этом же не раз говорит в своих монологах и Суречки.

В монологах Суречки, Кожожаша, Зулайки, их родителей особое содержание преобретают различные сравнения, эпические формулы, постоянные эпитеты, приемы. Еще одной особенностью монологов в эпосе является то, что они иногда достаточно объемные по количеству строк. Казалось бы, при таких больших объемах, они должны бы мешать развитию действия. Однако монологи, являясь формой выступления от первого лица, служат разрядкой во время продолжительного повествования от лица сказителя. Согласно стилю построения эпоса, характеристику героям дают в первых монологах героев, в которых они впервые формулируют основные мотивы своих действий. Остальные монологи посвящены конкретным случаям применения этих идей и вносят в характеристику героя дополнительные штрихи. Кроме того, они повторяют и варьируют мотивы, выдвинутые в первых монологах, кратко или пространно излагают события, уже известные слушателям и излагавшимися как самим героем, так и его врагами или доброжелателями. Кожожаш рассказывает о своем тяжелом богатырском пути, о прохождении закалки, о мотивах своей борьбы. Все это, рассказанное самим героем, вызывает к нему особое волнение и сочувствие. Он представляется более понятным и близким слушателю. Такое восприятие героев повышает их популярность, интерес к их действиям, а значит и ко всему эпосу.

**Использованная литература**

1. Кожожаш. «Эл адабияты» сериясынын 1 – тому. - Бишкек,«Шам» басмасы, 1996. С.165.
/ Последующие примеры взяты из этого же источника, и будут указаны только страницы/.
2. Малов.С.Е. Памятники древнетюркской письменности. Тексты и исследования. - М.-Л.,1951. С. 35.
3. Кыдырбаева Р.Кыргыз элинин оозеки маданиятынын сакталшынын, калыптанышынын тарыхый оболголору. /Кыргыздын корком соз мурастарындагы маселелер. Макалдар жыйнагы/ Бишкек.2001.
4. Фромм Э. Душа человека.-Республика, 1992.
5. Пухов.И.В. Якутский героический эпос. Олонхо. Основные образы. Издательство Академии наук СССР. - М., 1962.

Теке* - самец горного козла.
Кийик* - маралы, архары, горные козы.

**Муратова А. М.**
**И.Арабаев ат. КМУнун**
**Педагогика институтунун окутуучусу.**

## “МАНАС” ЭПОСУ МУЗЫКАДА

Ар бир улуттук маданиятта артыкча таң калаарлык күч менен өзүнө тартып турган көркөмдүк бар. Мына ушундай универсалдуу көрүнүш кыргыз элинин маданиятында “Манас” эпосу экендиги талашсыз.

“Манас” – бул улуттук оозеки поэзиянын гана эмес, музыкалуу, обондуу, ыр маданиятынын туу чокусу. Кыргыз элинин улуу жомогунун өзгөчөлүктөрүнүн бири – анын жалпы турпатында поэтикалык жана музыкалык башаттардын айкалышып турганында.



Подпись ______ заверяю

**”Манас” - баатырдык – музыкалык жомок**. Анын ыр курулушу, ырлардын ыргагы кенже эпостордукунан айырмаланып турат.

Эпостун поэтикалык тексти, андагы ой, сезим толкундары музыка, обон – ыргактар менен коштолуп, толукталып, көркөмдүүлүгү, таасирдүүлүгү күчөтүлүп турат. Бул болсо оозеки жашап келген жомоктун, жалпы эле кыргыз элинин көркөм өнөрүнүн чыгармачылык шартында бирден – бир маанилүү жагдай. Жомоктун мазмунунун угуучуларга тез жетишине, көпчүлүктүн эсинде бекем сакталып калышына, аткаруучунун эргип, анын эсиндеги окуя – образдардын, ыр саптарынын тизмектелип, өзүнөн өзү “оозго келип” турушуна эпостогу мына ушул музыкалык башат зор таяныч. Жомокко таандык бул өнөрдүн көркөмдүк таасири манасчынын аткаруучулук жөндөмүнө, музыкалык талантына, анын добушунун ыргактуулугуна түздөн –түз байланыштуу.

Сагымбай Орозбаковдун аткаруу манерасы, речитативди келтирген кыраатты салмактуу, эмоциялык толкундарды бир кылка кармап, угуучуларга күчтүү таасир калтырган. Ал эми Молдобасан Мусулманкулов негизинен “Семетейди” көп аткарып, речитативди мукам кайрыктар менен боёп, обонду ырга жакындатып аткаруучу экен.

Саякбай Каралаев манасчылардан музыкалык байлыкты төгүп бергени, ар бир сөздү абдан кырааттап, айтылып жаткан окуяга жараша, андагы каармандын эмоциялык абалына жараша обон созгондугу, речитативинин сезимдик ыргактарга байлыгы менен айырмаланат.

Баатырдык эпос “Манас” элибиздин тарыхый, саясий, экономикалык турмушун баяндоо менен бирге, кыргыздын музыкалык – поэтикалык чыгармачылыгындагы ар түркүн жанрлардын түрлөрүнүн кооз үлгүлөрүн да кенен камтыган. Алсак эпостон элдик арман, кошок, угузуу, жар чакыруу, керээз, санат –насыят, макал – лакап ж. б жанрларды жолуктурабыз.

Музыкалык аткаруучулук өнөр жагынан алып караганда согуш, кошок, күлкү –тамаша, ашыктык –арман оюн – зоок өңдүү элдик ыр жанрларын өзүнө камтыган синтездик көркөм формага кирет.

“Манастын” эң башкы музыкалык өзгөчөлүгү анын жекече жана музыкалык аспаптын коштоосу жок аткарылгандыгындыгы. Аспап коштобосо да өзүнчө бир ритмдештирилген актёрдук кол шилтемдер ымдоолор, жандоолор менен толукталып турат. Бул “Манас” эпосунун музыкалык интоноцияларын өзүнчө эле обондор дүйнөсү, кыргыз эпикалык речитативдин энциклопедиясы деп айтсак болот.

“Манас” эпосунун обондорун жазып алуу, талдоо, иликтөө иштери 20 – жылдардын аягынан башталган.

Музыка изилдөөчү А.Затаевич “Манастын” төрт обонун жазып алат. Ал эми В.Кривоносов “Манас” эпосунун обону” аттуу макаласында үзүндүлөрдүн негизинде эпостун кандай обондо ырдаларына ар бир ырдын башындагы муунга айтуучу музыкалык басымды өзгөчө жасарын, добушка бөтөнчө чабуул коюлаарын жана айрым муундарга “ээ”, “оо” деген созулмалуу кыйкырык мүнөздүүлүгүн, жети муундагы ырлар менен обондун байланыштыгын айтат.

1939 –жылы “Манастын” обондорунун үзүндүлөрү “Кыргыздардын музыкалык фольклору” деген жыйнакка басылып чыгып, эпикалык – лирикалык поэтикалык башаты, кооз үлгүсү катары тааныштырат.

“Манастын” обондору ар кыл өлчөмдө, ар кандай жүрүштөрдө, түркүн диапозондо, түрдүү музыкалык интонацияда айтылган. Эпостун бир эпизоду салтанаттуу, созулуңку, жайлатылган кыймылдагы , экинчиси ылдамдатылган жүрүштө, баяндамалуу, пунктирдик ритмде.

“Манас” ырды, обонду, ымдоону ,жандоону, артистизмди камтыган жана бири – бирисиз жашай албаган синтездүү формадагы чыгарма. ”Манас” айтуучу бир эле учурда өзүн обончу, аткаруучу, айтуучу, артист катары көрсөтөт. Ушундан улам манасчы **“жалгыз актёрдун театры”** деп аталган.

Улуу “Манас” эпосу кылымдарды карыткан **комуз күүлөрүндө** терең философиялык негизде чагылдырылып келген. Бул “Манас” эпосу кыргыз элдик аспаптык музыкалык



Подпись ... заверяю
Ученый ...

чыгармачылыгына да чоң таасир бергендигинен кабар берет. Эчендеген кылымдарды карыткан дастандардын ичинен комузчулар "Манаска" өзгөчө көңүл бурушкан. "Манас" темасына арналган күү түрмөктөрү чыгарылган. Атап айтсак, "Каныкейдин арманы", "Чоң кошун", "Семетей күү", "Алмамбеттин арманы", "Алмамбет менен Чубак", "Чоң казат", "Каныкейден каалгыма" ж.б. татаал кайрыктардагы залкар күүлөр. Булардын ар бири программалуу залкар күүлөр.

"Манас" темасына арналган күүлөрдүн ичинен комузчулар арасында **"Каныкейдин арманы"** аттуу элдик күү өтө кеңири тараган. Эпикалык күүнүн башкы темасынан алынган баатырдык эпостун обону муңайыңкы кайрыктарда вариацияланып, маңызын, көркөмдүк каражаттарын, таасирлерин байытып, уккулуктуулугун арттырат. Бул "Каныкейдин арманы" элдик күү кеңири тарап, Карамолдонун, Ыбырайдын, Шекербектин, Асылбектин аткарууларында баа жеткис көркөмдүккө көтөрүлгөн. Ушундан улам "Каныкейдин арманы" кыргыздын элдик күүлөрүнүн классикасына айланган.

"Манастагы" эпизоддордун ичинен эң кызыктуусу, элдик баатырлардын баатырлыктарын терең чагылдырган күү **"Чоң казат".** Бул күүдө бүтүндөй психологиялык окуяны күчтүү жана көркөм баяндоо, сүрөттөө аркылуу залкар комузчуларды өзүнө тарткан. Бул күүнүн негизинде "Манастын" обонунан бир үзүндү алынып, аны бирде марш, бирде салтанаттуу, бирде муңдуу, бирде ойлуу мүнөздөрдө кайра - кайра кайталап ойношкон. Күүнүн кайрыктарында "Манастын"он эки кандын колун Таласка жыйнаганы, Каныкейдин "Чоң казатка" аттанган жоокерлерди жабдыганы. Алардын жүрүшү,Чубак менен Алмамбеттин чатакташканы, Алмамбеттин туулган жерин көрүшү, сыр тартышканы, Кошой менен Жолойдун күрөшү, Коңурбай менен Манастын сайышы сыяктуу согуштук окуялар баяндалат.

"Чоң казатка" байланышкан дагы бир күү **"Алмамбет менен Чубак"**. Бул күүдө баатырдык, тайманбастык, эрдик, айлакерлик, акылмандык жагынан Манастан кем калышпаган Чубак менен Алмамбеттин эрдиктери чагылдырылган.

Ал эми эли –жерине болгон сагыныч **"Алмамбеттин арманы"** күүсүндө чагылдырылган. Күүнүн чертилиши салмактуу, кайгылуу жүрүштө, Алмамбеттин муңун элестетет.

"Манас" эпосунун экинчи бөлүгү "Семетей" эпосуна **"Семетей күү"** жана **"Айчүрөктүн Семетейдин ак шумкарын ала качышы"** деген күүлөр арналган. Бул күүлөрдө эпостогудай эле Семетей менен Айчүрөктүн образдары терең ачылып көрсөтүлгөн.

Жыйынтыктап айтканда "Манас" эпосунун окуялары, обондору кыргыздын эпикалык дастан күүлөрүнүн ар тараптуу, көп жактуу өнүгүшүнө чоң таасир берген.

Ал эми азыркы күндө "Манас" эпосу элдик музыканын ар кандай багытында өнүгүп гана токтолуп калбастан, **профессионалдык музыканын** ар кандай жанрларында чагылдырылып келет. Мына ушул кыргыз профессионалдык музыкасынын ар жактуу болуп канат жая өнүгүшүнө элдик ырлардын, дастандардын, элдик обондордун, комуз күүлөрүнүн таасири чоң.

"Манастын" жана манасчылардын искусствосунун таасири тийбеген бир дагы прозалык, поэтикалык, профессионалдык адабияттын, профессионалдык музыкалык искусствонун, сахналык – театрдык жанрлардын, көркөм сүрөттүн образдарынын жана сюжеттеринин байып өсүшүн элестетүүгө мүмкүн эмес.

Кыргыздын залкар манасчыларынын айтуучулук искусствосу артыкча мааниге ээ. "Манас" эпосунун каармандары, алардын элестери, руханий жан дүйнөсү, андагы окуялар кыргыз профессионалдык музыкасында да ар тараптан чагылдырылып келе жатат. Мына ушундай чыгармалардын бири кыргыздын **тунгуч операсы "Айчүрөк".** Жаратуучулар В.Власов, В.Фере, жана кыргыз профессионалдык музыкасынын негиз салуучучу А.Малдыбаев. Опера көркөмдүк деңгээли боюнча улуттук алтын фондуга кошулду.

"Айчүрөктүн" авторлору улуттук операны жаратууда кыргыз элинин өтө бай музыкалык - поэтикалык мурастарына таянышкан. Речитативдүү обондуу кайрыктардан фольклордук музыканын элементтерин өздөштүрүүгө жетишишкен.



Подпись ... заверяю
Ученый секретарь
КГУ

Опера эпикалык – баатырдык опера. Опера эки темадан турган увертюра менен ачылат. Биринчиси - баш каарман Семетейдин лейтмотиви “Манас” эпосунун сабатмалуу обонунан алынган. Тема оркестрдин аткаруусунда эрдикти сыпаттап, салтанаттуу, кубаттуу жаңырат. Экинчи тема Айчүрөктүкү. Бул тема мукамдуу, назик обон, теманын өзөгүн А.Огомбаевдин “Күйдүм чок” түзөт. Бул эки тема операнын бүтүндөй музыкалык символу. Операда Айчүрөктүн образы кеңири, ар жактуу мүнөздөлгөн. Ал эми Семетейдин музыкалык образы бир кыйла жөнөкөй. Операнын башка оң каармандарынын ичинен Калыйман менен Күлчоронун образдары тереңдетиле иштелген. Операдагы эле жандуу, шайыр Калыйман Айчүрөктүн лирикалык обонуна карама – каршы коюлган. Анын образы эки ыр аркылуу мүнөздөлөт.”Ач кабагың ,эжеке” аттуу ырында Айчүрөктүн кайгысын тең бөлүшүп, кабагын ачып, алаксыткысы келет. Ал эми”Калыймандын түш жоруганы” деген ыры “Ой тобонун" өзөгүндө жазылган шайыр мүнөздөгү ыр. Семетейдин акылдашы, чоросу Күлчоронун музыкалык образы да элдик обондор, күүлөр менен берилген. Анын ариозосу, ариясы, ыры кеңири, жумшак, созулуңку мүнөздөгү музыкада ачылат.

Операнын терс каармандары Чынкожо, Толтой, Чачыкейдин музыкалык образдары обондото сүйлөгөн декламациялык темаларда, оркестрдин аткаруусунда берилген. ”Айчүрөк” операсын жазууда композиторлор элдик музыкабыздын түрлөрүнүн берметтерин пайдаланышкан.

Операда “Манастын” обону баштаган “Селкинчек”, “Ой, тобо”, “Күйдүм чок”, “Төрөкелдинин какмасы” деген ж.б. обондорду, күүлөрдү чеберчилик менен пайдаланышкан.

Ар түрдүү ири сценалар, көрүнүштөр, улам алмашып турган ариялар, бийлер согуштук жана ашыктык сценалар,оюндар менен ырым – жырымдар, нукура элдик музыка “Айчүрөк” операсын бийиктикке көтөрдү.Ал эми **“Манас” операсы** “Айчүрөк” операсына салыштырмалуу дүйнөлүк опералардын негизинде ариозолор, ариялар, хорлор, бийлер, речитативдер, симфониялык темалар татаалдашып. Чеберчиликте, терең изденүү менен жазылган.

Операнын өзөгүнө эпостон ”Көкөтөйдүн ашы” алынган. Операда кыргыз жерине кол салган Кытай ханы Коңурбай менен Манастын кандуу кармашы баяндалат.

Манас” операсынын либереттосун акындар А.Токомбаев жана К.Маликов. Операны Р.Захаров менен А.Куттубаев койгон. Баш каармандарды К.Чодронов, С.Кийизбаева, Р.Жумабеков, И.Илеев, С.Токтоналиев, И.Деркембаева, Х.Мухтаровдор ойношкон. Дирижер – К.Молдобасанов, хор менен С.Юсупов иштеген. Премьерасы 1966- жылы коюлган.

“Манас” эпосу кыргыз **профессионалдык музыкасынын** өнүгүшүнө да таасир тийгизди. Кыргыздын симфониялык музыкасынын калыптануусуна элдик оозеки чыгармачылыктын, фольклордун ар кандай жанрлары өз таасирин тийгизген.

Кыргыз композиторлорунун баатырдык мүнөздөгү көп сандаган симфониялык чыгармалары да “Манас” эпосунун духунда жазылган. Мисалы, В.Власовдун “Кыргыз” увертюрасы, В.Фере “Кыргызстан” симфониясын жазган. Мында “Манас” эпосунун лейттемасы цитата түрүндө колдонулган.

Өткөн кылымдын 50 – жылдарында жазылган кыргыз композиторлорунун **симфониялык музыкалары** интонациясы жана образдык системасы боюнча эпос менен байланыштуу. Мисалы, А.Түлеевдин “Биринчи” симфониясынын темаларын жана “Баатырдык” поэмасынын негизги темасын, А.Жаныбековдун “Менин Кыргызстаным” аттуу поэмасынын темаларын атасак жетиштүү.

Композитор Э.Жумабаевдин “Эпикалык” аттуу симфониясынын угуучуларга тартууланышы, улуттук музыкадагы чоң ийгилик. Автор чыгарманын өзөгүнө ”Манастын” обонун алат да, аны философиялык ой – жүгүртүүдө чечет. Бул “Эпикалык” симфония үч бөлүктүү соналык симфониялык түрмөктө жазылган. Чыгарманын ар бир бөлүгү программалык ат менен аталат.1-тема - “Байыркы жерде”, 2-тема - “Ойлонуу”.3- тема –“Улуу салгылашуу” деп аталат.

К.Молдобасанов акын – драматург Ж.Садыковдун ”Манастын уулу Семетей” аттуу спектаклине музыка жазат. Бул музыка спектаклдин маңызын байытып, көркөмдүгүн



Подпись ... заверяю
Учен...

арттырат. Кийин композитор ушул музыканын негизинде “Манастын уулу Семетей” симфониялык сюитасын жаратат. Автор симфонияда Семетейдин эрдигин, махабатын, элдин турмушун сюитанын тили менен жеткиликтүү ачып берген. Автордун “Манас” темасында жазылган сүрөттөмөсүнүн дагы бири “Манастын кошуну”. Бул чыгармада Манастын, чоролорунун казатка аттангандагы күчүн, биримдүүлүгүн, эрдиктерин сүрөттөйт. Композитор эпикалык баатырдык образдарды түзүүдө манасчы атасы Мусулманкул Молдобасановдун айткан “Манастын” негизги лейтмотивине кайрылган.

Композитор К.Асанбаевдин “Каныкей” аттуу программалуу симфониялык поэмасы да чоң таасир калтырган чыгарма.”Манас” эпосунун баш каармандарынын бири – Каныкейдин келбетин, акылмандыгын, айлакерлигин, эрдигин, кайгы –капасын, кубанычы менен сүйүүсүн поэмада баяндоодо чоң чыгармачылык күч жумшаган. Поэманын тили фольклордук элементтер менен азыркы музыкалык көркөм каражаттар менен айкалышып турат.

Композитор Саткын Турдубаев “Манас” темасына арнап, ”Каныкейдин Тайторуну чапканы” деген эпизодго таасирленип, “Тайтору” аттуу симфониялык поэмасын жазат. Автор эпизоддогу обондордун өзөгүн “Манастан” алат да, аламан байгенин жалпы көрүнүшүн, кубанычтарды, өксөөлөрдү симфониялык поэманын кайрыктарында элестүү сүрөттөйт. Бул композитор поэма аркылуу өзүнүн симфониялык жанрды, оркестрди, фольклорду кылдат пайдалана билгендигин көрсөттү.

Ал эми заманыбыздын залкар композитору М.Бегалиевдин чыгармачылыгы “Манас” эпосу менен абдан тыгыз байланышта. Ал “Манас” темасында драмага музыка, фортепианого, симфониялык ар түрдүү чыгармаларды жараткан.

М.Бегалиевдин ”Балалык чактагы обон” аттуу симфониялык сүрөттөмөсү бар. Бул чыгарманын кульминациясында “Манас” эпосунун негизги лейтмотиви угулат. Композитор бул чыгармада элдик оозеки чыгармачылыктан, фольклордон, мисалы, А.Огомбаевдин “Ак тамак, көк тамак” аттуу күүсүн, жана элдик “Оп, майда” аттуу ырдын обонун, ”Манас” эпосунун лейтмотивин цитата катарында колдонгон. Мында композитор кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынын үч ар кандай жанрын бириктирип, бирине –бирин айкалыштырып оркестрдин аспаптары чогуу (tutti) аткарып, эң күчтүү сезим жараткан чыгарма жараткан. Бул ар бир кыргыз атуулу бала чагынан кыргыз элинин ырлары,күүлөрү, дастандарынын таасири алдынды бой тартканынан кабар берип турат.

М.Бегалиевдин “Майрамдык увертюрасында” да улуттук колорит жалпы түрдө берилген. Бул чыгармада манасчылардын, жомокчулардын айтуучулук өнөрүнүн обондору колдонулган.

“Манас” **эпосу фортепианолук музыкада** да чагылдырылган. Мисалы, композитор С.Медетов “Жигиттердин кайраттуу бийи” аттуу төрт бөлүктүү программалуу фортепианолук сюитасын жараткан. Сюитанын мазмуну “Манас” эпосунун баатырдык мотивдерине шайкеш келет. Композитор А.Жээнбаевдин “Чоң кербез” аттуу фортепианолук күүсүндө жана башка чыгармаларында да эпостун обон – ыргактары кеңири пайдаланылган.

“Манас” эпосун идеялык –көркөмдүк башат катары жана андагы обон –кайрыктарды же накта үзүндүлөрдү партитурасына камтыган чыгармалар да жазылган: К.Молдобасановдун “Манастын ордосунда” аттуу симфониялык сүрөттөмөсү, М.Бегалиевдин “Манас” симфониясы, Б.Н.Глуховдун “Бабам Манас жөнүндө баллада” аттуу хор үчүн поэмасы. “Манас” жомогу жана анын обону улуттук музыка маданияты үчүн соолбос булак болуп кала берет.

Мындан сырткары М.Бегалиев, А.Жаныбеков ж.б. композиторлор “Манас” темасында фортепианолук чыгармаларын жаратышкан жана ошондой эле “Манас” эпосунун 1000 жылдыгын майрамдоодо “Манас” темасында жаңы –жаңы чыгармалар пайда болду. Мисалы. С.Осмоновдун, О.Турсуниязовдун, А.Жээнбаевдин “Манас” эпосунун обондоруна жазган музыкалары тойдун көркүн ачкан .М.Шахановдун сөзүнө жазылган “Эр Манастын элинде” ыры жаңырды,бул ыр атуулдук сезимди ойготуучу күчтүү сезимде жазылган ыр.И.Арабаев атындагы КМУнун Көркөм маданият билим берүү факультетинин окутуучулары К. Дүйшембиева жана Г.Маматова жазган эки үндүү сольфеджио китебинде да “Манас”



Подпись ______ заверяю
Ученый ... КГУ ...

темасына кайрылышкан. Китепте М.Бегалиевдин “Майрамдык увертюра”, ”Айчүрөк” операсынын. “Манас” операсынын лейтмотиви, А.Жээнбаевдин “Айкөл Манас ураанынан” үзүндүлөр берилген.

Бул кыргыз эли өз эне тилинде сүйлөп турганда, эч качан ”Манас” эпосунун көөнөрбөстөн, соолбостон, кылымдан –кылымды карытып, Ата Мурас катары жашай беререринин далили.

**Өзүбекова Г. Т.**
**К.И.Скрябин ат. КАУ, кыргыз, орус тилдер кафедрасынын улуу окутуучусу.**

## «ТЕҢИРИ МАНАС» ЖАКЫПБЕКОВДУК ЖАЗМА ВАРИАНТ

«Теңири Манас» - Ашым Жакыпбековдун эң соңку чыгармасы, тагыраак айтканда элдик улуу эпостун жакыпбековдук-китептик варианты.

Ч.Айтматов : «Тагдырга жараша адам, адамга жараша тагдыр» деп айтканындай Ашым Жакыпбеков «Манас» темасына капысынан эле келип калган жок. Ырас, «Теңири Манастын» жазылып калышына эпостун миң жылдык маарекесине даярдык көрүү үчүн Жазуучулар союзунда эпосту көркөм кара сөздүк формада жазып чыгуу милдетин А.Жакыпбеков менен К.Жусуповго 1985 - жылы тапшырган кеңешменин чечиминин түздөн түз тиешеси бар. Башкача айтканда, бул чыгарманын жазылышына өкмөттүк заказ (талап) себеп болгон. Ошол эле учурда биринчиден, өкмөттүк талапты талкуулоого катышкан Ч.Айтматов, Т.Сыдыкбеков, С.Эралиевдер да бул жооптуу милдеттин өтөөсүнө кимдер чыга алаарын, кимге тапшырууну жакшы сезишкен, экинчиден, тапшырма берилген күндө да бул темага табити тартпаган болсо А.Жакыпбеков, К.Жусуповдор милдеттен баш тартууга укугу бар эле. Үчүнчүдөн жана эң негизгиси А.Жакыпбековдун чыгармачылык стихиясында башынан элдик эпикалык поэзиянын духу, таасири сезилип, элдик эпикалык поэзиянын эстетикасына тартылуу күчү байкалып турчу. Анын алгачкы «Айгашка» аңгемесинде Кылычбек карыянын образынан жоокерчилик замандын духу келип, анын Айгашка күлүккө болгон мамилесинен нечен кылымдык көчмөндүк-жоокердик турмуш образынан калыптанып, сакталган улуттук психология, улуттук дүйнө-таанымдык философиянын жаңырыктуу доошу айкын сезилген. Изилдөөчү Т.Бакчиевдин диссертациялык ишинде маалымат берилгендей: « ... маркум А.Жакыпбектин үйүнө барганыбызда, жазуучунун жубайы Г.Рысбаева мындай деп эскерет: «романдын үстүндө Ашым атайлап 1985-жылы отурганы менен, чыгарманын алгачкы эскиздерин 1967-1968-жылдары эле кагаз бетине түшүрө баштаган». ... А.Жакыпбек 80-жылдары «Семетей» эпосундагы «Каныкейдин жомогу» деген окуянын негизинде «Каныкейдин жомогу» аттуу драма жазат. Бирок, ошол учурда Ж.Садыковдун «Манастын уулу Семетей» драмасы бүтүп калгандыктан, жазуучу ишин токтотуп койгон». (Бакчиев Т.А.Жакыпбектин адабият менен фольклордун кесилишиндеги изденүүсү («Теңири Манас» чыгармасынын негизинде). Филология илимдеринин кандидаттык окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация.-Бишкек,2004.-30-31-бет). Кыскасы, «Манастын» дүйнөсү А.Жакыпбековду мурдатан эле өз дүйнөсүнө тартып, кызыктырып, чыгармачылыгын коштоп, алдыртан азыктандырып келген.

«Эпос нугундагы бул роман негизинен Сагымбайдын, Саякбайдын, Жусуп Мамайдын варианттарына таянып жазылды. Эмне үчүн романды көздөп калдым? Биринчиден, материалдын чачкындыгы, эбегейсиз көлөмдүгү. Бир эле «Манасты» канчалаган зор китеп кылса болгудай. Бирок аны ким окуйт? Азыркы кымгуут заманда, информация адам башына жамгырдай жаап жаткан шартта илгерки жайкерчиликтегидей болуп киши айлап-түндөп китеп окубайт. Экинчиден, роман варианты окуялардын тизмектелишине, сюжеттик тыкан курулушуна ыңгайлуу. Анан калса, «Манаста» канчалык апыртмалуулук, миф, жомок арбын болбосун табиятында абдан реалисттик чыгарма. Образдардын, мүнөздөрдүн түзүлүшүн эле аңдап көрөлүчү, окуялардын баяндалышын көрөлүчү, көбүнесе реалдуу турмуш, адамдардын



Подпись ___ заверяю
Ученый секретарь ___
КГУ им. И. Арабаева